**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ТОН РАЙОНУНУН**
**МАМЛЕКЕТТИК**
**АДМИНИСТРАЦИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКАЯ РАЙОННАЯ**
**ГОСУДАРСТВЕННАЯ**
**АДМИНИСТРАЦИЯ**

# ТЕСКЕМЕ
# РАСПОРЯЖЕНИЕ

**«____» __________ 2025 -ж. №____** **Бөкөнбаев айылы**

## Тоң районунун аймагында 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын календардык планы жөнүндө

---------------------------------------------------------------------------

“Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттатарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы №272 Жарлыгы менен дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттатарынын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштуруу максатында:

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттатарынын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө уюштуруу-техникалык маселелерди чечүүгө шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү боюнча райондук штаб тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттатарынын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоочулардын тизмесин түзүү жана тактоо, уюштуруу жана материалдык-техникалык маселелерди чечүү боюнча тиешелүү органдардын жана шайлоо комиссияларынын ишине көмөк көрсөтүшсүн;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттатарынын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө уюштуруу жана материалдык-техникалык маселелерди чечүүдө шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү боюнча айыл аймактык штабдарды түзүшсүн;
- шайлоо комиссиялары үчүн бөлмөлөрдү бөлүп берүүгө, аларды автотранспорттук, материалдык-техникалык каражаттар жана байланыш каражаттары менен камсыз кылууга байланышкан маселелерди чечишсин;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын добуш берүүсү үчүн шайлоо участокторунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, шайлоо

участоктору боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын керектөөлөрүнүн картасын түзүү үчүн ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын иш жүзүндөгү саны жөнүндө маалыматтарды түзүү боюнча зарыл чараларды көрүшсүн;

- үгүт материалдарды илүү үчүн атайын жерлерди бөлүп беришсин жана аларды жайгаштыруу үчүн бирдей шарттарды камсыз кылышсын.

3. Тоң райондук иштер башкармалыгы төмөнкүлөр боюнча чараларды көрсүн:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттатарынын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө мыйзамдуулукту, жарандардын укуктарын жана эркиндигин камсыз кылуу, коомдук тартипти сактоо, шайлоону өткөрүү убагында шайлоо участокторун кайтаруу, шайлоо жабдууларын шайлоо участокторуна ташуунун жана жеткирүүнүн коопсуздугун камсыз кылуу;

- шайлоочулардын добушун сатып алууга жана административдик ресурсту колдонууга, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө башка мыйзам бузууларга өз убагында жана натыйжалуу каршы аракеттенүү, ошондой эле көрүлгөн чаралар жөнүндө коомчулукка маалымдоо;

- добуш берүү жана шайлоочуларды идентификациялоо үчүн жабдууларды коопсуз сактоону камсыздашсын.

4. Райондук ички иштер башкармалыгы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Тоң району боюнча башкармалыгы координациялык ыкчам чара көрүү топторунун ишинин алкагында укук коргоо органдарынын бардык деңгээлдеги шайлоо комиссиялары менен өз ара аракеттенүүсү боюнча активдүү иштерди камсыз кылышсын.

5. Райондук өзгөчө кырдаалдар бөлүмү шайлоо комиссияларына бөлүнгөн бардык жайларды өрт коопсуздугунун талаптарына шайкештиги боюнча текшерүүнү жүргүзсүн.

6. Тоң райондук электр тармактар ишканасы жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо участокторун үзгүлтүксүз электр энергиясы менен камсыз кылсын.

7. Тоң райондук “Эмгекчил” газетасы жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүн чагылдырсын .

8. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттатарынын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө уюштуруу-техникалык маселелерди чечүүгө шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү боюнча райондук штабдын ишин уюштуруу, техникалык камсыздоо раймамадминистрациянын аппарат жетекчиси Н.Төлөнгүтовага жүктөлсүн.

9. Бул тескеменин аткарылышына көзөмөлдүк жүргүзүү райондук штабка жүктөлсүн.

**Аким** **Б. Осмонов**

***Жиберилди***: иш кагаздарга-1, айыл аймактарга -4, райондук штабдын мучолорүнө.